**РЕСПУБЛИКАЛЫК ТОГУЗ КОРГООЛ ФЕДЕРАЦИЯСЫ**

БЕКИТЕМИН
Республикалык тогуз коргоол федерациясынын Президенти

_______________А. Алымкулов

2018-ж.____________ «______»

# Азия чемпионатына Рапид түрүнөн тандоо оюндары жана блиц түрүнөн алдын ала мыктылар ирээтин жаңылоо таймаштарын өткөрүү
# ТАРТИБИ

**БИШКЕК – 2018**

**Азия чемпионатына Рапид түрүнөн тандоо оюндары жана блиц түрүнөн алдын ала мыктылар ирээтин жаңылоо таймашынын**

## Максаты

Тогуз коргоол боюнча 2018-жылдын июль айынын 25-31не чейин Монголия өлкөсүндө өтө турган Азиянынын чемпионатына Рапид түрүнөн КР чоңдор арасында спортчуларды тандоо.

## Өткөрүүнүн мөөнөтү жана орду

Таймаш 2018-жылдын июнь айынын 12нен 16на чейин Бишкек шаарында өтөт. Келүү күнү жана каттоодон өтүү июнь айынын 12си, саат 18-30-га чейин. Кете турган күнү июнь айынын 17си.

## Таймашты өткөрүү жетекчилиги

Таймашка даярдык көрүү, өткөрүү милдетин жана жетекчилигин Республикалык тогуз коргоол федерациясы ишке ашырат.

## Таймаштын катышуучулары

Таймашка Кыргыз Республикасынын тогуз коргоолчулары катыша алышат. Таймаш эркектер арасында бөлөк жана кыз-келиндер арасында бөлөк эсепте өтөт. Оюнчулардын жашы чектелбейт.

## Таймашты өткөрүүнүн жана жыйынтыктарын чыгаруунун шарттары

Таймаш жеке эсебинде швейцариалык ыраатта тогуз коргоол кодексине ылайык 9дан оюн өткөрүлөт. **Жеңүүчүнү аныктоо:** Упайлардын саны, Бухгольц коэффициенти, жеке беттешүү, прогресс коэффициенти. Рапид түрүнөн оюндардын жыйынтыгы менен мыктылар ирээти жаңыртылып, мыктылар ирээтинде 1-орунга чыккан спортчу Азия Чемпионатына түз жолдомо алат.

Блиц түрүнөн 9 оюн ойнолот. **Жеңүүчүнү аныктоо:** Упайлардын саны, Бухгольц коэффициенти, жеке беттешүү, прогресс коэффициенти.

## Сыйлыктарды ыйгаруу

1-2-3- орунду ээлеген спортчулар медаль, диплом менен сыйланышат.

## Кабыл алуу шарттары

Таймашка катышуучулардын, машыктыруучулардын, келип кетиш жол киресин, жолдогу жана таймаш учурундагы тамак-ашын, жатакана чыгымдарын жөнөткөн уюмдар каржылайт.

Уюштуруу чыгымдары федерация тарабынан төлөнөт.

## Табыштама берүү мөөнөтү жана тартиби

Таймашка катышууга алдын ала берилүүчү табыштамалар белгиленген тартип боюнча Кыргыз Республикасынын тогуз коргоол федерациясына мелдештин башталышына чейин 5 күн мурда катыша турган спортчулардын толук аты-жөнү менен КРТКФнын электрондук дарегине: ftkkr@mail.ru берилет. Накталай табыштама 2018-жылдын июнь айынын 12-де калыстар тобуна тапшырылат.

Кошумча маалыматтарды төмөнкү телефондордон алса болот:
+996 312 88-33-63; +996 500 11-44-10